КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

2016-жылдын 15-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 7, 711-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 16-беренеде:

а) 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Адвокат адвокаттык ишти жеке адвокаттык кабинет формасында же болбосо адвокаттык уюм аркылуу адвокаттар коллегиясы же адвокаттык бюро формасында жүзөгө ашыра алат.»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы $2^1$ жана $2^2$-бөлүктөр менен толукталсын:

«$2^1$. Адвокат ушул Мыйзамга ылайык адвокаттык ишти жүзөгө ашыруунун формасын өз алдынча тандоого жана өзгөртүүгө укуктуу. Адвокат адвокаттык ишти жүзөгө ашыруунун тандаган формасы жөнүндө каттаган күндөн тартып бир айдын ичинде ушул Мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жана Адвокатурага кабарлоого милдеттүү.

$2^2$. Юридикалык жактардын аталыштарында «адвокаттык иш», «адвокатура», «адвокат» же бул терминдерди өзүнө камтыган сөз айкалыштарын пайдаланууга адвокаттарга жана ушул Мыйзамда белгиленген тартипте түзүлгөн уюмдарга гана жол берилет.»;

2) 2-глава төмөнкүдөй мазмундагы $16^1$ - $16^3$-беренелер менен толукталсын:

«$16^1$-берене. Адвокаттык кабинет

1. Адвокаттык ишти жеке жүзөгө ашыруу чечимин кабыл алган адвокат адвокаттык кабинетти уюштурат.

2. Адвокат адвокаттык кабинетти уюштуруу жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлоону Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жана Адвокатурага жиберет, анда

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «Об Адвокатуре Кыргызской Республики и адвокатской деятельности»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики

15 июня 2016 года

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об Адвокатуре Кыргызской Республики и адвокатской деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., № 7, ст. 672) следующие изменения:

1) в статье 16:

а) часть 2 изложить в следующей редакции:

«2. Адвокат может осуществлять адвокатскую деятельность индивидуально в форме адвокатского кабинета либо через адвокатскую организацию в форме коллегии адвокатов или адвокатского бюро.»;

б) статью дополнить частями $2^1$ и $2^2$ следующего содержания:

«$2^1$. Адвокат вправе в соответствии с настоящим Законом самостоятельно избирать и менять форму осуществления адвокатской деятельности. Об избранной форме осуществления адвокатской деятельности адвокат в течение одного месяца со дня регистрации обязан уведомить Министерство юстиции Кыргызской Республики и Адвокатуру в порядке, установленном настоящим Законом.

$2^2$. Использование в наименованиях юридических лиц терминов «адвокатская деятельность», «адвокатура», «адвокат» или словосочетаний, включающих в себя эти термины, допускается только адвокатами и созданными в порядке, установленном настоящим Законом, организациями.»;

2) главу 2 дополнить статьями $16^1$ - $16^3$следующего содержания:

«Статья $16^1$. Адвокатский кабинет

1. Адвокат, принявший решение осуществлять адвокатскую деятельность индивидуально, учреждает адвокатский кабинет.

адвокат, адвокаттык кабинеттин жайгашкан жери, телефондордун, факстардын номерлери, электрондук почтанын даректери жөнүндө маалыматтар көрсөтүлөт.

3. Адвокаттык кабинет юридикалык жак болуп саналбайт.

4. Адвокаттык кабинетти уюштурган адвокат мыйзамдарга ылайык банктарда эсептерди ачат, анда адвокаттык кабинеттин дареги жана аталышы менен мөөрү, штампы жана бланкы болот. Адвокаттык кабинеттин аталышы аны уюштурган адвокаттын атын, ошондой эле «адвокаттык кабинет» деген сөздөрдү камтууга тийиш.

5. Адвокаттык кабинетте юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуулар адвокат менен ишеним артуучунун ортосунда түзүлөт жана адвокаттар коллегиясынын документ жүгүртүү тутумунда катталат.

6. Адвокат адвокаттык кабинетти жайгаштыруу үчүн анын же болбосо анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн менчик укугуна таандык турак жайды акыркылардын жана коншуларынын макулдугу менен пайдаланууга укуктуу. Жалдоо келишими боюнча адвокат жана анын үй-бүлө мүчөлөрү ээлеген турак жай адвокат тарабынан адвокаттык кабинетти жайгаштыруу үчүн жалдоого берүүчүнүн, коншуларынын жана адвокат менен бирге жашаган бардык жашы жеткен адамдардын макулдугу менен пайдаланылышы мүмкүн.

$16^2$-берене. Адвокаттар коллегиясы

1. Эки жана андан көп адвокат адвокаттар коллегиясын уюштурууга укуктуу.

2. Адвокаттар коллегиясы мүчөлүккө негизденген жана анын уюштуруучулары тарабынан бекитилүүчү уставдын (мындан ары - устав) жана алар тарабынан түзүлгөн уюштуруу келишиминин негизинде аракеттенүүчү коммерциялык эмес уюмдун өз алдынча формасы болуп саналат.

3. Уюштуруу келишиминде өз мүлкүн адвокаттар коллегиясына берүүнүн шарттары, анын ишине катышуунун тартиби, жаңы мүчөлөрдү адвокаттар коллегиясына кабыл алуунун тартиби жана шарттары, адвокаттар коллегиясын уюштуруучулардын (мүчөлөрүнүн) укуктары жана милдеттенмелери, уюштуруучулардын (мүчөлөрүнүн) анын курамынан чыгуу тартиби жана шарттары аныкталат.

4. Устав төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) адвокаттык ишти жүзөгө ашыруу формасына көрсөтмөнү камтыган адвокаттар коллегиясынын аталышын;

2) адвокаттар коллегиясынын жайгашкан жерин;

3) адвокаттар коллегиясынын ишинин предметин жана максаттарын;

4) адвокаттар коллегиясынын мүлкүн түзгөн булактарды жана аны пайдалануунун багыттарын (анын ичинде бөлүнбөс фонддун болушу же болбошу жана аны пайдалануунун багыттарын);

5) адвокаттар коллегиясын башкаруу тартибин;

6) адвокаттар коллегиясынын филиалдары жөнүндө маалыматтарды;

7) уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тартибин;

8) адвокаттар коллегиясын кайра уюштуруу жана жоюу тартибин;

9) ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына каршы келбеген башка жоболорду.



2. Об учреждении адвокатского кабинета адвокат направляет в Министерство юстиции Кыргызской Республики и Адвокатуру письменное уведомление, в котором указываются сведения об адвокате, место нахождения адвокатского кабинета, номера телефонов, факсов, адреса электронной почты.

3. Адвокатский кабинет не является юридическим лицом.

4. Адвокат, учредивший адвокатский кабинет, открывает счета в банках в соответствии с законодательством, имеет печать, штампы и бланки с адресом и наименованием адвокатского кабинета. Наименование адвокатского кабинета должно содержать имя адвоката, его учредившего, а также слова "адвокатский кабинет".

5. Соглашения об оказании юридической помощи в адвокатском кабинете заключаются между адвокатом и доверителем и регистрируются в системе документооборота адвокатского кабинета.

6. Адвокат вправе использовать для размещения адвокатского кабинета жилые помещения, принадлежащие ему либо членам его семьи на праве собственности, с согласия последних и соседей. Жилые помещения, занимаемые адвокатом и членами его семьи по договору найма, могут использоваться адвокатом для размещения адвокатского кабинета с согласия наймодателя, соседей и всех совершеннолетних лиц, проживающих совместно с адвокатом.

Статья $16^2$. Коллегия адвокатов

1. Два и более адвоката вправе учредить коллегию адвокатов.

2. Коллегия адвокатов является самостоятельной формой некоммерческой организации, основанной на членстве и действующей на основании устава, утверждаемого ее учредителями (далее - устав), и заключаемого ими учредительного договора.

3. В учредительном договоре определяются условия передачи коллегии адвокатов своего имущества, порядок участия в ее деятельности, порядок и условия приема в коллегию адвокатов новых членов, права и обязанности учредителей (членов) коллегии адвокатов, порядок и условия выхода учредителей (членов) из ее состава.

4. Устав должен содержать:

1) наименование коллегии адвокатов, содержащее указание на форму осуществления адвокатской деятельности;

2) место нахождения коллегии адвокатов;

3) предмет и цели деятельности коллегии адвокатов;

4) источники образования имущества коллегии адвокатов и направления его использования (в том числе наличие или отсутствие неделимого фонда и направления его использования);

5) порядок управления коллегией адвокатов;

6) сведения о филиалах коллегии адвокатов;

7) порядок внесения в устав изменений и дополнений;

8) порядок реорганизации и ликвидации коллегии адвокатов;

9) иные положения, не противоречащие настоящему Закону и иным законам Кыргызской Республики.

5. Уюштуруу келишиминин жана уставдын талаптары адвокаттар коллегиясынын өзү жана уюштуруучулары (мүчөлөрү) үчүн аткарууга милдеттүү.

6. Адвокаттар коллегиясын уюштуруучулар аны уюштуруу, кайра уюштуруу же жоюу жөнүндө Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген формага ылайык Адвокатурага кабарлоо жиберет.

7. Адвокаттар коллегиясы аны юстиция органында мамлекеттик каттаган күндөн тартып уюштурулду деп эсептелет. Адвокаттар коллегиясын мамлекеттик каттоо, ошондой эле анын ишин токтотуу жөнүндө жазууну юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) Бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизүү юридикалык жактарды мамлекеттик каттоо жөнүндө мыйзамда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

8. Адвокаттар коллегиясы Кыргыз Республикасынын бардык аймактарында, ошондой эле эгерде бул чет мамлекеттердин мыйзамдарында каралса, чет элдик мамлекеттердин аймактарында филиалдарды түзүүгө укуктуу.

Адвокаттар коллегиясы филиалдарды түзүү же жабуу жөнүндө Адвокаттар кеңеши тарабынан бекитилген формага ылайык Адвокатурага кабарлоо жиберет.

Адвокаттар коллегиясынын филиалында адвокаттык ишти жүзөгө ашыруучу адвокаттар тиешелүү филиалды түзгөн адвокаттар коллегиясынын мүчөлөрү болуп саналат.

Адвокаттар коллегиясынын филиалында адвокаттык ишти жүзөгө ашыруучу адвокаттар жөнүндө маалыматтар адвокаттардын мамлекеттик реестрине киргизилет.

9. Адвокаттар коллегиясынын уюштуруучулары тарабынан салым катары киргизилген мүлк ага менчик укугунда таандык болот.

10. Адвокаттар коллегиясынын мүчөлөрү анын милдеттенмелери боюнча жооп бербейт, адвокаттар коллегиясы өзүнүн мүчөлөрүнүн милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

11. Адвокаттар коллегиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык адвокаттык ишти жүзөгө ашырууга байланыштуу алар тарабынан алынган кирешелер боюнча алардын мүчөлөрү болуп саналган адвокаттардын салык агенти, ошондой эле ишеним артуучулар, үчүнчү жактар жана башка адвокаттар коллегиясынын уюштуруу документтеринде каралган башка маселелер боюнча алардын өкүлү болуп саналат.

12. Адвокаттар коллегиясында юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу адвокаттар менен ишеним артуучунун ортосунда түзүлөт жана адвокаттар коллегиясынын документ жүгүртүү тутумунда катталат.

13. Ушул Мыйзамдын $16^3$-беренесинде белгиленген тартипте адвокаттар коллегиясы адвокаттык бюрого кайра түзүлгөн учурду кошпогондо, адвокаттар коллегиясы коммерциялык уюмга же болбосо кандай гана болбосун башка коммерциялык эмес уюмга кайра түзүлүшү мүмкүн эмес.

14. Адвокаттар коллегиясы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде көрсөтүлгөн негиздер боюнча, ошондой эле адвокаттар коллегиясында жалгыз мүчөсү калган учурда жоюлат. Акыркысы адвокаттар коллегиясынын жалгыз мүчөсү болуп калган учурдан тартып үч айдын ичинде адвокаттык кабинеттин, адвокаттар коллегиясынын же адвокаттык бюронун уюштуруучусу (уюштуруучулары) болуп саналбаган башка адвокат (адвокаттар) менен бирдикте ушул Мыйзамдын $16^3$-беренесинде белгиленген тартипте аны адвокаттык бюрого кайра түзүүгө укуктуу.

3

5. Требования учредительного договора и устава обязательны для исполнения самой коллегией адвокатов и ее учредителями (членами).

6. Об учреждении, о реорганизации или о ликвидации коллегии адвокатов ее учредители направляют уведомление в Адвокатуру в соответствии с формой, утвержденной Советом адвокатов.

7. Коллегия адвокатов считается учрежденной со дня ее государственной регистрации в органах юстиции. Государственная регистрация коллегии адвокатов, а также внесение в единый государственный реестр юридических лиц, филиалов (представительств) записи о прекращении ее деятельности осуществляются в порядке, установленном законом о государственной регистрации юридических лиц.

8. Коллегия адвокатов вправе создавать филиалы на всей территории Кыргызской Республики, а также на территории иностранного государства, если это предусмотрено законодательством иностранного государства.

О создании или закрытии филиала коллегия адвокатов направляет уведомление в Адвокатуру в соответствии с формой, утвержденной Советом адвокатов.

Адвокаты, осуществляющие адвокатскую деятельность в филиале коллегии адвокатов, являются членами коллегии адвокатов, создавшей соответствующий филиал.

Сведения об адвокатах, осуществляющих адвокатскую деятельность в филиале коллегии адвокатов, вносятся в государственный реестр адвокатов.

9. Имущество, внесенное учредителями коллегии адвокатов в качестве вкладов, принадлежит ей на праве собственности.

10. Члены коллегии адвокатов не отвечают по ее обязательствам, коллегия адвокатов не отвечает по обязательствам своих членов.

11. Коллегия адвокатов в соответствии с законодательством Кыргызской Республики является налоговым агентом адвокатов, являющихся ее членами, по доходам, полученным ими в связи с осуществлением адвокатской деятельности, а также их представителем по расчетам с доверителями, третьими лицами и другим вопросам, предусмотренным учредительными документами коллегии адвокатов.

12. Соглашения об оказании юридической помощи в коллегии адвокатов заключаются между адвокатом и доверителем и регистрируются в системе документооборота коллегии адвокатов.

13. Коллегия адвокатов не может быть преобразована в коммерческую организацию или любую иную некоммерческую организацию, за исключением случаев преобразования коллегии адвокатов в адвокатское бюро в порядке, установленном статьей $16^3$ настоящего Закона.

14. Коллегия адвокатов ликвидируется по основаниям, указанным в Гражданском кодексе Кыргызской Республики, а также в случае, когда в коллегии адвокатов остается единственный член. Последний совместно с другим (другими) адвокатом (адвокатами), не являющимся (являющимися) учредителем (учредителями) адвокатского кабинета, коллегии адвокатов или адвокатского бюро, вправе в течение трех месяцев с момента, когда он стал единственным членом коллегии адвокатов, преобразовать ее в адвокатское бюро в порядке, установленном статьей $16^3$ настоящего Закона.

Статья $16^3$. Адвокатское бюро

1. Два и более адвоката вправе учредить адвокатское бюро.

$16^3$-берене. Адвокаттык бюро

1. Эки жана андан көп адвокат адвокаттык бюро уюштурууга укуктуу.

Адвокаттык бюро коммерциялык эмес уюмдун өз алдынча формасы болуп саналат.

2. Эгерде ушул беренеде башкача каралбаса, адвокаттык бюрону уюштурууга жана анын ишине байланыштуу пайда болгон мамилелерге карата ушул Мыйзамдын $16^2$-беренесинин эрежелери колдонулат.

3. Адвокаттык бюронун аталышы «жана компаниясы», «жана өнөктөштөр» же болбосо «жана адвокаттар» деген сөздөрдү кошуу менен бир же бир нече адвокат-өнөктөштөрдүн аттарын камтууга тийиш. Адвокаттык бюродо катышуусун токтоткон адвокат-өнөктөштүн уруксаты менен анын атын адвокаттык бюронун аталышына пайдаланууга жол берилет.

4. Адвокаттык бюро уюштурган адвокаттар өз ара жазуу жүзүндө жөнөкөй өнөктөштүк келишимин түзөт жана адвокаттык бюрону каттоо үчүн аны юстиция органына бербейт. Өнөктөштүк келишими боюнча адвокат-өнөктөштөр бардык өнөктөштөрдүн атынан юридикалык жардам көрсөтүү үчүн өздөрүнүн күч-аракеттерин бириктирүүгө милдеттенишет.

5. Өнөктөштүк келишиминде төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) өнөктөштүк келишиминин колдонулуу мөөнөтү;

2) өнөктөштөр тарабынан чечимдерди кабыл алуунун тартиби;

3) башкаруучу өнөктөштү шайлоо тартиби, анын компетенциясы жана башка шарттар.

6. Эгерде өнөктөштүк келишиминде башкача белгиленбесе, адвокаттык бюронун жалпы ишин алып баруу башкаруучу өнөктөш тарабынан жүзөгө ашырылат. Ишеним артуучу менен юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу алардын берген ишеним каттарынын негизинде бардык өнөктөштөрдүн атынан башкаруучу өнөктөш тарабынан түзүлөт. Ишеним каттарында ишеним артуучулар жана үчүнчү жактар менен макулдашууларды жана бүтүмдөрдү түзүүчү өнөктөштүн компетенциясын бардык чектөөлөр көрсөтүлөт. Көрсөтүлгөн чектөөлөр ишеним артуучуларга жана үчүнчү жактарга маалымдалат.

7. Өнөктөштүк келишими төмөнкү негиздер боюнча токтотулат:

1) өнөктөштүк келишиминин колдонулуу мөөнөтү аяктаганда;

2) эгерде өнөктөштүк келишиминде калган өнөктөштөрдүн ортосундагы мамилелерде келишимди сактоо каралбаса, өнөктөштөрдүн бири болуп саналган адвокат статусунан ажыраганда, токтотулганда же токтотула турганда;

3) эгерде өнөктөштүк келишиминде калган өнөктөштөрдүн ортосундагы мамилелерде келишимди сактоо каралбаса, өнөктөштөрдүн биринин талабы боюнча өнөктөштүк келишими бузулганда.

8. Өнөктөштүк келишими токтогон учурдан тартып анын катышуучулары ишеним артуучуларга жана үчүнчү жактарга карата аткарылбаган жалпы милдеттенмелер боюнча бирдей жоопкерчилик тартышат.

9. Өнөктөштөрдүн бири өнөктөштүк келишиминен чыкканда ал юридикалык жардам көрсөткөн бардык иштер боюнча өндүрүштү башкаруучу өнөктөшкө өткөрүп берүүгө милдеттүү.



Адвокатское бюро является самостоятельной формой некоммерческой организации.

2. К отношениям, возникающим в связи с учреждением и деятельностью адвокатского бюро, применяются правила статьи $16^2$ настоящего Закона, если иное не предусмотрено настоящей статьей.

3. Наименование адвокатского бюро должно содержать имя одного или нескольких адвокатов-партнеров с добавлением слов «и компания», «и партнеры» либо «и адвокаты». С разрешения адвоката-партнера, прекратившего участие в адвокатском бюро, допускается использование в наименовании адвокатского бюро его имени.

4. Адвокаты, учредившие адвокатское бюро, заключают между собой партнерский договор в простой письменной форме и не предоставляют его для регистрации адвокатского бюро в органы юстиции. По партнерскому договору адвокаты-партнеры обязуются соединить свои усилия для оказания юридической помощи от имени всех партнеров.

5. В партнерском договоре указываются:

1) срок действия партнерского договора;

2) порядок принятия партнерами решений;

3) порядок избрания управляющего партнера, его компетенция и иные условия.

6. Ведение общих дел адвокатского бюро осуществляется управляющим партнером, если иное не установлено партнерским договором. Соглашение об оказании юридической помощи с доверителем заключается управляющим партнером от имени всех партнеров на основании выданных ими доверенностей. В доверенностях указываются все ограничения компетенции партнера, заключающего соглашения и сделки с доверителями и третьими лицами. Указанные ограничения доводятся до сведения доверителей и третьих лиц.

7. Партнерский договор прекращается по следующим основаниям:

1) истечение срока действия партнерского договора;

2) лишение, прекращение или приостановление статуса адвоката, являющегося одним из партнеров, если партнерским договором не предусмотрено сохранение договора в отношениях между остальными партнерами;

3) расторжение партнерского договора по требованию одного из партнеров, если партнерским договором не предусмотрено сохранение договора в отношениях между остальными партнерами.

8. С момента прекращения партнерского договора его участники несут солидарную ответственность по неисполненным общим обязательствам в отношении доверителей и третьих лиц.

9. При выходе из партнерского договора одного из партнеров он обязан передать управляющему партнеру производство по всем делам, по которым оказывал юридическую помощь.

10. Адвокат, вышедший из партнерского договора, отвечает перед доверителями и третьими лицами по общим обязательствам, возникшим в период его участия в партнерском договоре.

10. Өнөктөштүк келишимининен чыккан адвокат анын өнөктөштүк келишимине катышкан мезгилинде пайда болгон жалпы милдеттенмелер боюнча ишеним артуучулардын жана үчүнчү жактардын алдында жооп берет.

11. Адвокаттык бюро адвокаттар коллегиясына кайра түзүлгөн учурду кошпогондо, адвокаттык бюро коммерциялык уюмга же болбосо кандай гана болбосун башка коммерциялык эмес уюмга кайра түзүлүшү мүмкүн эмес.

12. Өнөктөштүк келишими токтогондон кийин адвокаттар жаны өнөктөштүк келишимин түзүүгө укуктуу. Мурдагы өнөктөштүк келишиминин колдонулушу токтогон күндөн тартып бир айдын ичинде жаны өнөктөштүк келишими түзүлбөсө, анда адвокаттык бюро адвокаттар коллегиясына кайра түзүлүүгө же болбосо жоюлууга жатат.

Өнөктөштүк келишими токтогон учурдан тартып жана адвокаттык бюро адвокаттар коллегиясына кайра түзүлгөн учурга же болбосо жаны өнөктөштүк келишими түзүлгөнгө чейин адвокаттар юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө макулдашуу түзүүгө укуксуз.»;

3) 23-берененин 2-бөлүгүндө «адвокаттык мекеменин» деген сөздөр «адвокат өзүнүн ишин жүзөгө ашырган формада адвокаттык кабинеттин, адвокаттар коллегиясынын же адвокаттык бюронун» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 27-беренеде:

2-бөлүгүндө «же адвокаттык уюм менен юридикалык жактын» деген сөздөр «ишеним артуучунун өзүнүн же ал тарабынан дайындалган адамдын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

а) 3-бөлүгүнүн 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) тапшырманы аткарууну кабыл алган адвокатка (адвокаттарга), ошондой эле алардын адвокаттык уюмга таандыктуулугун көрсөтүү;»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы $4^1$-бөлүк менен толукталсын:

«$4^1$. Ишеним артуучу тарабынан адвокатка төлөнүүчү сыйакы жана (же) тапшырманы аткарууга байланыштуу адвокаттын чыгымдарын компенсациялоо адвокаттык кабинеттин же болбосо адвокаттык уюмдун кассасына макулдашууда каралган тартипте жана мөөнөттөрдө милдетгүү түрдө төгүлүүгө же эсептешүү эсебине которулууга жатат.»;

в) 5-бөлүгүнүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «5. Юридикалык жардам берүү боюнча адвокаттын ыйгарым укуктары адвокат менен ишеним артуучунун ортосунда түзүлгөн макулдашуунун негизинде адвокаттык кабинет же болбосо адвокаттык уюм формасында адвокаттык ишти жүзөгө ашыруучу адвокат тарабынан берилген тапшырма ордери менен ырасталат.»;

5) 32-беренеде:

а) 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин, анын ичинде Адвокаттар кенеши менен бирдикте адвокаттык ишти уюштуруунун формаларына ылайык салыктык режимди иштеп чыксын;

Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги адвокаттык ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жактарды кайра каттоо жана мыйзамда белгиленген тартипте Адвокатурага кирбеген адамдардын адвокаттык иш менен алектенүү укугуна лицензиялардын колдонулушун токтотуу боюнча иш жүргүзсүн.»;



11. Адвокатское бюро не может быть преобразовано в коммерческую организацию или любую иную некоммерческую организацию, за исключением случаев преобразования адвокатского бюро в коллегию адвокатов.

12. После прекращения партнерского договора адвокаты вправе заключить новый партнерский договор. Если новый партнерский договор не заключен в течение месяца со дня прекращения действия прежнего партнерского договора, то адвокатское бюро подлежит преобразованию в коллегию адвокатов либо ликвидации.

С момента прекращения партнерского договора и до момента преобразования адвокатского бюро в коллегию адвокатов либо заключения нового партнерского договора адвокаты не вправе заключать соглашения об оказании юридической помощи.»;

3) в части 2 статьи 23 слова «адвокатского учреждения» заменить словами «адвокатского кабинета, коллегии адвокатов или адвокатского бюро, в форме которых адвокат осуществляет свою деятельность,»;

4) в статье 27:

в части 2 слова «или адвокатской организацией и юридическим лицом на оказание юридической помощи» заменить словами «на оказание юридической помощи самому доверителю или назначенному им лицу»;

а) пункт 1 части 3 изложить в следующей редакции:

«1) указание на адвоката (адвокатов), принявшего (принявших) исполнение поручения, а также на его (их) принадлежность к адвокатской организации;»;

б) статью дополнить частью $4^1$ следующего содержания:

«$4^1$. Вознаграждение, выплачиваемое адвокату доверителем, и (или) компенсация адвокату расходов, связанных с исполнением поручения, подлежат обязательному внесению в кассу или перечислению на расчетный счет адвокатского кабинета либо адвокатской организации в порядке и сроки, предусмотренные соглашением.»;

в) предложение первое части 5 изложить в следующей редакции: «5. Полномочия адвоката по предоставлению юридической помощи удостоверяются ордером поручения, выданным адвокатом, осуществляющим адвокатскую деятельность в форме адвокатского кабинета, либо адвокатской организацией на основании соглашения, заключаемого между адвокатом и доверителем.»;

5) в статье 32:

а) часть 3 изложить в следующей редакции:

«3. Правительству Кыргызской Республики:

в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом, в том числе разработать совместно с Советом адвокатов налоговый режим, соответствующий формам организации адвокатской деятельности;

Министерству юстиции Кыргызской Республики провести перерегистрацию юридических лиц, осуществляющих адвокатскую деятельность, и работу по прекращению